Баткен облусунун юстиция башкармалыгы
Юридикалык жакты
2021 жылдын 17-февраль
мамлекеттик кайра каттоодон өткөрдү
Күбөлүктүн сериясы жана номуру ГПЮ-0034828
Алгачкы каттоо күнү 23.11.1995ж.
Управление юстиции Баткенской области
года
произвело государственную
перерегистрацию юридического лица
серия и номер свидетельства
Дата первичной регистрации

"Бекитемин"

Кызыл-Кыя шаардык билим берүү

бөлүмүнүн башчысы

__________Д. Д. Матосмонова

"12" 02 2021-ж.

**Кыргыз Республикасынын Баткен областынын Кызыл-Кыя шаарындагы**

**Токтогул атындагы №6 орто мектебинин типтүү**

# УСТАВЫ

## I. Жалпы жоболор

1.1 Токтогул атындагы №6 орто мектеби 1966- жылы негизделген, башталгыч жалпы, негизги жалпы жана орто жалпы билим берүүчү программаларын ишке ашыруучу мамлекеттик (муниципалдык) жалпы билим берүүчү мекеме болуп эсептелет.

1.2 Токтогул атындагы №6 орто мектебинин уюштуруучулары төмөнкүлөр болот:
а) Мамлекеттик бийлик жана башкаруу органдары;
б) Кызыл-Кыя шаардык мэриясы жана шаардык билим берүү бөлүмү
Дареги: 720300, Кыргыз Республикасы, Баткен областы, Кызыл -Кыя шаары, Масалиева көчөсү №62. Токтогул атындагы №6 орто мектебиндеги уюштуруу документтери болуп аны түзүү жөнүндө чечим же уюштуруучулардын келишими. Ошондой эле Токтогул атындагы №6 орто мектебинин уставы эсептелет.

1.3 Токтогул атындагы №6 орто мектеби - өзүнүн ишмердүүлүгүн Кыргыз Республикасынын төмөнкү мыйзамдарынын негизинде жүргүзөт:

- Кыргыз Республикасынын Конституциясы;
- "Билим берүү" мыйзамы;
- "Мугалимдин статусу" жөнүндө мыйзам;
- Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн №541 12.09.2011- жылдагы токтому менен бекитилген билим берүү мекемесинин типтүү жобосунун негизинде;
- Балдарды коргоо мыйзам актылары: "Балдардын укугу жөнүндө Конвенция", "Үй бүлөлүк кодекс", "Балдар жөнүндө кодекс" ж.б.
- Кыргыз Республикасынын Билим берүү министрлигинин буйруктары;
- Кыргыз Республикасынын каржы министрлигинин билим берүү системасына тиешелүү каржылоо бөлүмү;
- Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн №541 12.09.2011-ж. токтому менен бекитилген жалпы билим берүү мекемелеринин "Типтүү Жобосунун" негизинде жана "Билим берүү" мыйзамынын 10 -статьясынын негизинде иштелип чыккан Уставды жетекчиликке алат.

1.4 Токтогул атындагы №6 орто мектебинин ишмердүүлүгү төмөнкү принциптерге негизделет:

- Сапаттуу билим алууга Кыргыз Республикасынын бардык атуулдары укуктуу;
- Гумандуулук жана жалпы адамзаттын баалуулугунун приоритети;
- Атуулдук жана патриоттуулук;
- Билим берүү системасынын системалуулугу жана үзгүлтүксүздүгү;

- Мектептеги окуу тарбия ишине ар кандай диндин таасири тийбөө керек, диний кийим кечектерди кийбөө, ата энелер менен дин темасында аңгемелешпөө, диний адабияттарды колдонбоо, диний акцияларды өткөрбөө жана дин жөнүндө аудио-видео тасмаларды колдонбоо;
- Академиялык боштондук жана чынчылдык;
- Жоопкерчиликтүүлүк жана ишмердүүлүк;

1.5 Токтогул атындагы №6 орто мектеби чектелбеген мөөнөткө түзүлөт жана Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында белгиленген тартипте мамлекеттик каттоодон өтөт;

1.6 Билим берүү мекемесинин толук аталышы:
Мамлекеттик тилде: **Токтогул атындагы №6 орто мектеби**
Орус тилинде: **Средняя школа №6 имени Токтогула**

1.7 Токтогул атындагы №6 орто мектебинин мыйзам негизинде бекитилген өз алдынча юридикалык дареги: 720300 Кыргыз Республикасы Баткен областы Кызыл-Кыя шаары Жал көчөсү № 1

## II. Укуктук статусу

2.1 Токтогул атындагы №6 орто мектеби мамлекеттик каттоодон өткөн күндөн тартып финансылык-чарбалык жана укуктук өз алдынчалыкка, жеке Уставына, өзүнчө мүлккө, өз алдынча балanска, өзүнүн аталышы кыргыз жана орус тилдеринде жазылган мөөргө, штамптарга жана бланктарга, казыначылык органдарында жана башка финансы- чарбалык мекемелерде алыш-бериш жана бет эсептерине ээ юридикалык жак болуп эсептелет.

2.2 Токтогул атындагы №6 орто мектебинин мүлкү оперативдүү башкаруу укугунда бекитип берилет, ага карата Токтогул атындагы №6 орто мектеби ээлик кылуу укугун, Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык пайдалануу жана тескөө укугун жүзөгө ашырат.
Токтогул атындагы №6 орто мектебинин мүлкүнүн курамына төмөнкүлөр кирет: негизги каражаттар, жабдуулар, инвентарь, жер участкасы жана башка мүлк.

2.3 Токтогул атындагы №6 орто мектебине менчик укугунда акча каражаттары, мүлк жана ага жеке жана юридикалык жактан берилген белектер, ата энелер тарабынан берилген белектер, кайрымдуулук же мурас катары берген башка менчик объекттери, ошондой эле Токтогул атындагы №6 орто мектебинин өздүк ишмердигинен түшкөн кирешелер, ушул кирешеге сатып алынган менчик объекттери таандык.

2.4 Токтогул атындагы №6 орто мектеби уюштуруунун макулдугу менен мыйзамдарга ылайык өзүнө бекитилген мүлктү ижарага берүүгө укуктуу. Ижарага берилген мүлктөн алынган киреше уставдык максаттары үчүн пайдаланылат.

2.5 Токтогул атындагы №6 орто мектеби мыйзамда каралган бардык жарандык-укуктук бүтүмдөрдү ишке ашырууга, сотто доогер жана жоопкер болууга, башка укуктарга жана милдеттерге ээ болууга укуктуу.

2.6 Токтогул атындагы №6 орто мектебинин ишмердиги Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында белгиленген учурларда жана тартипте аттестацияланууга жатат.

2.7 Уюштуруучулар Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында белгиленген учурларда, тартипте жана чектерде Токтогул атындагы №6 орто мектебинин милдеттенмелери боюнча жоопкерчилик тартат.

## III. Токтогул атындагы №6 орто мектебинин ишмердигинин предмети жана максаты

3.1 Токтогул атындагы №6 орто мектебинин ишмердигинин предмети башталгыч жалпы, негизги жалпы жана орто жалпы билим берүүчү программаларын ишке ашыруу болуп эсептелет.

3.2 Токтогул атындагы №6 орто мектебинин негизги максаты жалпы билим берүүчү программалардын мазмунун милдетүү минимумун өздөштүрүүнүн негизинде окугандардын инсандыгынын жалпы маданиятын түзүү, аларды коомдун турмушуна көнүктүрүү, жалпы тааньшган тандоо үчүн негиздерди түзүү жана андан ары кесиптик билим берүү программаларын өздөштүрүү жана жарандуулукка тарбиялоо.

3.3 Түзүлгөн шартка ылайыктуу, ата энелердин каалоосу боюнча, билим берүү процессиндеги мугалим кадрлардын жетиштүүлүгүнө карата, мектеп кошумча билим берүү жана кээ бир предметтерди терендетип окутуу мүмкүнчүлүгүнө ээ.

## IV. Ишмердигинин негизги принциптери

4.1 Токтогул атындагы №6 орто мектеби төмөнкү принциптердин негизинде иштейт:

- Сапаттуу билим алууга Кыргыз Республикасынын бардык жарандарынын укуктарынын тендиги;
- Мамлекеттик билим берүүчү стандарттарды аткаруу;
- Атуулдук жана патриоттуулук;
- Билим берүү системасынын системалуулугу жана үзгүлтуксүздүгү;
- Академиялык боштондук жана чынчылдык;
- Жоопкерчиликтүүлүк жана ишмердүүлүк;
- Билим берүүнүн натыйжалуу системасын түзүү;
- Токтогул атындагы №6 орто мектебинин финансылык өзүнчөлүгүн камсыздоо;
- Мамлекеттик финансылык ресурстарды сарамжалдуу пайдалануу;
- Бир окуучуга эсептегенде каржылоонун бирдиктүү стандартташтырылган нормативинин ьнегизинде Токтогул атындагы №6 орто мектебин бюджеттик каржылоону камсыздоо;
- Билим берүү процессинин системалуулугу жана үзгүлтүксүздүгү;
- Мамлекеттик жана муниципалдык окуу жайларда башталгыч жана негизги билимди, жалпы орто билимди ар бир жарандын милдеттүү жана акысыз алышы;
- Кошумча билим берүү жана башка кызмат көрсөтүүлөргө акы төлөмө кызматтардан алынган кирешелерди өз алдынча тескөөсү, андай кирешелер өзүнчө баланста эске алынат;
- Токтогул атындагы №6 орто мектебинин бүткүл финансылык ишмердигин коомдук-мамлекеттик контролдоо үчүн ачык-айкындуулук жана жеткиликтүүлүк.

## V. Укуктары жана милдеттери

5.1 Өз иш милдеттерин ишке ашырууда коюлган милдеттерге жетүү үчүн Токтогул атындагы №6 орто мектеби төмөнкү укуктарга ээ:

- Чыгымдар сметасын өз алдынча иштеп чыгууга жана бекитүүгө жана тиешелүү түрдө аларды өзгөртүүгө;
- Өзүнүн материалдык-техникалык, финансылык жана кадрдык ресурстарын өз алдынча пайдаланууга;

- Токтогул атындагы №6 орто мектебинин ишмердигин жөнгө салуучу мыйзамдардынталаптары менен бекемделген башталгыч, негизги, жана орто билим берүү (билим берүүчү ишмердиктин белгилүү түрү) укугуна ылайык билим берүү процессин уюштурууга;
- Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлиги бекиткен мамлекеттик билим берүү программаларынын, базистик окуу планын негизинде окутуу программаларын иштеп чыгууга, кабыл алууга жана ишке ашырууга;
- Кыргыз жана орус тилинде башталгыч, негизги, жалпы орто билим берүү деңгээлиндеги жалпы билим берүүчү программаларды ишке ашырууну камсыз кылууга;
- «Билим берүү жөнүндө» Кыргыз Республикасынын мыйзамынын негизги жоболоруна туура келүүчү тандоонун өз алдынчалыгына, окутуу менен тарбиялоонун формаларын, каражаттарын жана усулдарын пайдаланууга жана түзүүгө; Токтогул атындагы №6 орто мектебине кабыл алуунун тартибин белгилөө:
- Башталгыч жалпы жана негизги билим берүүнүн баскычтарына - ушул аймакта жашаган негизги жалпы билим алууга укугу бар бардык окутулууга тийиш балдарды кабыл алууга, Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн №404 токтомунун негизинде класста окуучулардын саны төмөнкүдөй: 1 -9-класстарда окуучулардын саны - 30, 10-11-класстарда окуучулардын саны - 25. (Кызыл-Кыя шаарында жашабагандарга мектепте бош орун жок болуп калган учурда гана кабыл алуудан баш тартылышы мүмкүн);
- «Билим берүү жөнүндө» Кыргыз Республикасынын мыйзамынын талаптарына ылайык окугандарды аралыктык аттестациялоону баалоо, формасы, тартиби жана мезгилдүүлүк системаларын тандоодо өз алдынчалыкка;
- Кыргыз Республикасынын Билим берүү министрлигинин регламенттөөчү актыларына ылайык бүтүрүүчүлөргө жыйынтыктоочу аттестацияларды жүргүзүүгө, Токтогул атындагы №6 орто мектебинин мөөрү менен күбөлөндүрүлгөн билим берүүнүн денгээли жөнүндө мамлекеттик үлгүдөгү документ берүүгө;
- Кошумча билим берүү программаларын ишке ашырууга жана негизги билим берүүчү программалардын статусун аныктоочу чектерден сыртта кошумча билим берүүчү кызматтарды көрсөтүүгө, анын ичинде (кошумча билим берүүчү кызмат көрсөтүүлөрдүн түрлөрү жана формалары, анын ичинде акы төлөмө) жана жалпы билим берүү процессин жана имараттарды кармоону камсыздоо үчүн зарыл болгон кызматтарды көрсөтүүгө;
- Ата энелердин макулдугу менен акы төлөнүүчү узартылган күндүн группаларын түзүүгө укуктуу(мыйзамдуу өкүлдөрү менен) ;
- Уюштуруучулардын демилгеси же макулдугу боюнча финансылык ресурстарды сарамжалдуу пайдалануунун билим берүү процессин оптималдаштыруу максатында филиалдарды түзүүгө же жоюуга;
- Улуттук, мамлекеттик программаларды ишке ашырууга катышуу;
- Жалпы билим берүү боюнча иштерди уюштуруу жана жакшыртуу маселелерине карата жогору турган мамлекеттик башкаруу органына жана кызмат адамдарына сунуштарды киргизүүгө;
- Ассоциацияларга жана башка коомдук уюмдарга, анын ичинде эл аралык уюмдарга кирүүгө, алардын иштерине катышууга;

- Ассоциацияларды, союздарды жана башка бирикмелерди түзүүгө жана иштерине катышууга, анын ичинде билим берүүнү өнүктүрүү иштерине катышууга, анын ичинде билим берүүнү өнүктүрүү жана өркүндөтүү максатында мекемелердин, ишканалардын жана коомдук уюмдардын катышуусу менен;

5.2 Токтогул атындагы №6 орто мектеби төмөнкүлөрдү камсыз кылууга милдеттүү:

- Жалпы билимдин сапатын жана анын мамлекеттик билим берүү стандартына туура келишин;
- Билим берүү процессинин колдонуучу формаларынын, усулдарынын жана каражаттарынын окугандардын курактык психологиялык өзгөчөлүктөрүнө, жөндөмдүүлүктөрүнө, шыктарына, кызыкчылыктарына, өмүрүн жана ден-соолугун коргоо талаптарына шайкеш келишин;
- Санитардык-гигиеналык нормаларды сактоону;
- Билим берүүнүн чектеш денгээлинин ортосундагы өз ара аракетти жана уланмалуулукту;
- Сергек жашоо мүнөзүн пропагандалоону жана окуучуларды санитардык-гигиеналык тарбиялоону;

5.3 Токтогул атындагы №6 орто мектебинде окугандарды алардын макулдугусуз жана ата-энелеринин (аларды алмаштыруучу адамдардын) макулдугусуз жалпы билим берүүчү программаларда, окуу планында жана Токтогул атындагы №6 орто мектебинин уставында каралбаган эмгекке тартууга тыюу салынат. Билим берүү Министрлиги тарабынан бекитилген окуу планында көрсөтүлгөн эмгек практикасынын негизинде окуучулардын эмгегин мектеп имаратын, мектеп айланасын таза сактоого жана мектепти жашылдандырууга жумшоо мүмкүн.

5.4 Окугандарга карата күч жана психикалык зомбулук методдорун колдонууга жол берилбейт.

5.5 Токтогул атындагы №6 орто мектебинде саясий партияларды, коомдук-саясий, диний кыймылдарды жана уюмдарды түзүүгө жана иштешине жол берилбейт.

5.6 Окугандарды, тарбиялануучуларды коомдук, коомдук-саясий уюмдарга, кыймылдарга жана уюмдардын ишине жана үгүттөөчү кампаниялар менен саясий акцияларга катышууга мажбурлап тартууга жол берилбейт.

## VI. Билим берүү процесси

6.1 Токтогул атындагы №6 орто мектебинде окутуу мамлекеттик тилде жана орус тилинде жүргүзүлөт.

6.2 Биринчи класска 6 жаштан, бирок 7 жаштан ашпаган балдар ата-энелердин (аларды алмаштыруучу адамдардын) каалоосуна жараша кабыл алынат.

6.3 Токтогул атындагы №6 орто мектебине окутуу жана тарбиялоо үчүн кабыл алуу директордун буйругу менен ишке ашырылат. Кабыл алуу жол-жобосу Кыргыз Республикасынын билим берүү жөнүндөгү мыйзамдарына каршы келиши мүмкүн эмес болгон жалпы билим берүүчү мекемелерге кабыл алуу эрежелери менен жөнгө салынат.

6.4 Токтогул атындагы №6 орто мектебинде жалпы билим берүүчү программалардын баскычтарына ылайык билим берүү процесси билим берүүнүн үч баскычында ишке ашырылат:

1 - баскыч башталгыч билим берүү (4жыл)
2 - баскыч негизги жалпы билим берүү (5жыл)
3 - баскыч орто билим берүү (2жыл)

Токтогул атындагы №6 орто мектебиндеги жалпы билим берүүнүн мазмуну

мамлекеттик билим берүү стандартынын негизинде, мектеп тарабынан өз алдынча иштелип чыгуучу, бекитилүүчү жана ишке ашырылуучу программа менен аныкталат.

6.5 Токтогул атындагы №6 орто мектебинде билим берүү процессин уюштуруу сабактардын жадыбалына ылайык базистик окуу планынын негизинде түзүлөт. Мында Токтогул атындагы №6 орто мектеби график боюнча иштейт.

1 - баскыч башталгыч жалпы билим берүү, беш күндүк жумуш жумалыгы.
2 - баскыч негизги жалпы билим берүү, беш күндүк жумуш жумалыгы.
3 - баскыч орто жалпы билим берүү, беш күндүк жумуш жумалыгы.

Академиялык саатын узактыгы 45 мүнөт, биринчи класста - 40 мүнөт.
Жумуш жумалыгынын графиги билим берүү боюнча башкаруу органдарынын чечими, КРнын өкмөтүнүн токтомунун негизинде өзгөрүүсу мумкун.

6.6 Ар бир класстагы жыйынтыктоочу жүктөм массалык мектептердин окуучулары үчүн максималдуу жол берилүүчү милдеттүү жүктөм болуп эсептелет. Жыйынтыктоочу жүктөм билим берүү Министрлиги тарабынан бекитилген ,окуу пландарынын негизинде аныкталат.
Жекече план боюнча окутуу окуучулардын, алардын ата-энелердин же аларды алмаштыруучу адамдардын каалоосу боюнча жүргүзүлөт.

6.7 Токтогул атындагы №6 орто мектебиндеги класстардын саны окуучулардын санына жана санитардык нормаларды эске алуу менен билим берүү процессин жүргүзүү үчүн түзүлгөн шарттарга жараша болот. Класстардын толушу туура келүүчү нормативдик актардын негизинде аныкталат.
Кээ бир предметтерди окутууда класстарды эки группага бөлүү жүргүзүлөт. Бөлүү жүргүзүлгөн предметтердин тизмеси, класстардын сандык толукталышы, шарты КРнын билим берүү жана илим Министрлиги тарабынан чыгарылган, туура келүүчү нормативдик акттарынын негизинде аныкталат.
Токтогул атындагы №6 орто мектеби ата-энелердин (мыйзамдуу өкүлдөрүнүн) каалоосу жана суроо-талабы боюнча акы төлөмө негизде узартылган күн тайпасында окуучуларды даярдоо боюнча топторду ачууга укуктуу.

6.8 Токтогул атындагы №6 орто мектебинде окуу жылы 1-сентябрда башталат. Окуу жылынын узактыгы биринчи класста 33 жума, кийинкилеринде 34 жума. Окуу жылынын ичиндеги каникулдардын узактыгы 30 календарлык күн, жайында 8 календарлык жумадан кем эмес, биринчи класстын окуучулары үчүн 3-чейректе кошумча бир жумалык каникул белгиленет. Жылдык окуу-календарлык график Токтогул атындагы №6 орто мектебинин директору тарабынан райондук(шаардык) билим берүү бөлүмү менен макулдашуу боюнча Токтогул атындагы №6 орто мектебинин педагогикалык кенешинин пикирин эске алып буйрук менен бекитилет.

6.9 Жалпы билим берүүчү программаларды толук көзөмөлгө өздөштүргөн окуучулар кийинки класска көчүрүлөт. Кийинки класска бир сабак боюнча окуу жылынын жыйынтыгында академиялык карыз болуп калган окуучулар шарттуу түрдө көчүрүлүшү мүмкүн. Башталгыч, жалпы жана негизги жалпы билим берүү баскычтарында окуган, окуу жылынын программасын өздөштүрбөгөн жана эки же андан ашык сабак боюнча академиялык карызы бар окуучулар кайталап окутуу үчүн классында калтырылат. Окуучуларды которуу кандай учур болсо да педагогикалык кенештин чечими боюнча жүргүзүлөт. Мурунку денгээлдеги жалпы билим берүүчү программаны өздөштүрбөгөн окуучулар жалпы билим берүүнүн кийинки баскычына окуганга жол берилбейт.

6.10 Окуучулардын ата- энесинин каалоосу менен жалпы билим берүүнүн программасын аткарууда, кээ бир кошумча бөлүктөрүн үй- бүлөлүк билим берүү

жана өз билимин өркүндөтүү жана экстернат же сырттан билим алууну ишке ашырат.

6.11 Токтогул атындагы №6 орто мектебинин башкаруу органынын (Педагогикалык кенештин) чечими боюнча жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органын жана жашы жете электердин иштери боюнча комиссиянын макулдугу боюнча укукка жат аракеттерди жасагандыгы, жалпы билим беруу мекеменин уставын одоно жана бир нече жолу бузгандыгы үчүн педагогикалык таасир этүүнүн акыркы чарасы катары 15 жашка жеткен окуучуну ушул мектептен чыгарууга жол берилет.
Бир нече жолу тартип бузуу деп окуучулардын Токтогул атындагы №6 орто мектебинин директору тарабынан эки же андан ашык тартип жазасын колдонуусун, эреже катары одоно бузуу деп төмөнкүдөй түрдө өтө оор кесепетти алып келген же алып келиши мумкүн болгон тартипти бузуу таанылат:

- Окуучулардын, Токтогул атындагы №6 орто мектебинин кызматкерлеринин, ага келгендердин өмүрүнө жана ден соолугуна зыян келтирүү;
- Токтогул атындагы №6 орто мектебинин, окуучулардын, мектептин кызматкерлеринин жана ага келгендердин мүлкүнө зыян келтирүү.

Материалдык зыянды окугандар жана анын ата-энелери (аларды алмаштыруучу адамдар) Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык калыбына келтиришет.

Жетим балдарды жана ата-энелеринин камкордугусуз (мыйзамдуу өкүлдөрүсүз) калган балдарды чыгаруу жөнүндөгү чечим тийиштүү камкордук жана көзөмөлчүлүк органынын алдын ала макулдугу менен педагогикалык кенеш тарабынан кабыл алынат.

Окуучуну чыгаруу жөнүндөгү педагогикалык кенештин чечими Токтогул атындагы №6 орто мектебинин директордун буйругу менен таризделет. Окуучуну чыгаруу жөнүндө Токтогул атындагы №6 орто мектебинин директору үч күндүк мөөнөттө тиешелүү жергиликтүү башкаруу органына маалымдайт. Жергиликтүү башкаруу органы ата-энелер, мыйзамдуу өкүлдөрү менен бирдикте бир айлык мөөнөттүн ичинде окуудан чыгарылган баланы ишке орноштурууну же башка билим берүү мекемесинде окуусун улантууну камсыз кылуучу чараларды көрөт.

Окуучуну чыгаруу жол-жобосу Токтогул атындагы №6 орто мектебинин окуучуларын сыйлоо, жаза берүү жөнүндө эрежелер менен толук жөнгө салынат, алар Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына карама-каршы келбеши керек.

6.12 Негизги жалпы жана орто жалпы билим берүү программаларын өздөштүрүү бүтүрүүчүлөрдү милдеттүү түрдө жыйынтыктоочу аттестациялоо менен аяктайт. Токтогул атындагы №6 орто мектебинин бүтүрүүчүлөрүн жыйынтыктоочу аттестация Кыргыз Республикасынын мектептеринин бүтүрүүчүлөрүн жыйынтыктоочу аттестациялоо жөнүндө Кыргыз Ресрубликасынын мыйзамынын талаптарына ылайык ишке ашырылат.

6.13. Токтогул атындагы №6 орто мектебинин бүтүрүүчүлөрүнө алар жыйынтыктоочу аттестациядан өткөндөн кийин билим берүү денгээли жөнүндө мамлекеттик үлгүдөгү документ берилет, ал Токтогул атындагы №6 орто мектебинин мөөрү менен күбөлөндүрүлөт. Жалпы орто билим берүү программаларын өздөштүрүүдө өзгөчө ийгиликтерге жеткен бүтүрүүчүлөргө өзгөчө үлгүдөгү күбөлүк жана аттестат берилет.

6.14 Токтогул атындагы №6 орто мектеби акысыз негизде Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык окуучулардын айрым контингентине сабактан тышкаркы

- Жеке окуу программалары боюнча мамлекеттик билим берүү стандартарынын аткагында окутуунун тездетилген, күндүзгү, сырттан, үй-бүлөлүк формаларын тандоого;
- Жекече окуу программалары боюнча окутуу шарттары жалпы билим берүүчү мекеменин Уставы жана ага ылайык кабыл алынган жоболор менен регламенттелет;
- Мектеп китепканасынын китепканалык-маалыматтык ресурстарын пайдаланууга;
- Кошумча (акы төлөмо) билим берүү кызматтарын алууга;
- Уставда аныкталган формада жалпы билим берүүчү мекемени башкарууга катышууга;
- Адамдык кадыр-баркты сыйлоого, абийир жана маалымат эркиндигине, өзүнүн жеке көз карашын жана ишенимдерин эркин билдирүүгө. Окуучуларга карата күч жана психикалык зомбулук ыкмаларын колдонууга жол берилбейт.
- Калыс баалanууга жана сапаттуу билим алууга;
- Окуу тарбия иштерин уюштурууда өзүнүн сунуштарын айтууга;
- Окуунун кезектеги этабын бүткөндүгү жөнүндөгү документти өз убагында алууга;

7.6 Окуучулар төмөнкүлөргө **милдеттүү:**

- Мектептин Уставын аткаруу
- Мектепте окуу процессии жүргүзүүдөгү бирдиктүү талаптарды аткаруу, мектептин ички тартибине баш ийүүгө.
- Талапка ылайык мектеп формасын кийүү талабына баш ийүүгө. Токтогул атындагы №6 орто мектебинин окуучуларынын мектеп формасына коюлган талаптар төмөнкүдөй:

**Кыздар үчүн:**

1. Жогору жагына ак түстөгү кофта, водолазка, көйнөк; көйнөктүн узундугу тизесинен 5 см ылдый болуусу керек, бир түстүү көйнөк, ачык эмес жемпир, пиджак, кемселе.
2. Төмөн жагына классикалык түрдө бычылган кара шым, юбка; тизесинен 5 см ылдый турган юбка.
3. Джынсы шым жана спорт кийимин кийүүгө тыюу салынат.

**Балдар үчүн:**

1. Жогору жагына ак түстөгү водолазка, көйнөк, ачык эмес жемпир, пиджак, кемселе.
2. Классикалык типте тигилген кара шым.
3. Джынсы шым жана спорт кийимин кийүүгө тыюу салынат

- Окуу программаларынын талаптарын аткарууга, окууга жоопкерчилик менен мамиле кылууга;
- Мектептин мүлкүн көздүн карегиндей сактоого;
- Кыргыз Республикасынын үрп- адаттарын сыйлоо, мектептин жумушчуларынын жана бардык окуучуларынын намысын жана адамгерчилигин коргоого;
- Мектептин жумушчуларынын талабын аткаруу;
- Мектеп турмушуна активдүү катышуу;
- Билим берүү министрлигинин токтомдорун, буйруктарын жана мектептин уставы тарабынан кабыл алынган жоболорун жана актыларын аткаруу;
- Окуучулардын өзүн өзү башкаруу уюмунун чечимин аткаруу;

- Өзүн өзү тейлөө жумушун аткарууга, мектеп имаратын тазалоого, ишембиликтерге катышууга, мектептин аймагын жашылдандырууга өз салымын кошуу.

7.7 Окуучулар үчүн төмөнкүлөр **тыюу салынат:**

- Наркотикалык заттарды, курал жарактарды, спирт ичимдиктерин, тамекиден жасалган нерселерди, жарылуучу заттарды жана медициналык жактан тыюу салган дары дармектерди мектепке алып келүүгө жана мектеп окуучуларына таратууга;
- Мектепке кесүүчү жана сайылууучу буюмдарды алып келүүгө;
- Өзүн өзү коргоого электрошокерлер, көздөн жаш актыруучу, нервди шал кылуучу газ болондорду жана лазерлерди алып келүүгө;
- Өз ара мамилелерди түшүндүрүүдө күч пайдаланууга, бирөөнү коркутууга, уурулукка, зордук зомбулукка;
- Ден соолукка зыян келтирүүчү ар кандай аракеттерге (бирөөнү түртүү, чуркоо, буюмдарды ыргытуу);
- Мектеп эмеректерин бузууга, сындырууга, дубалдарга сүрөт тартууга, парталарды жана отургучтарды сындырууга, мектептеги айнектерин, лампочкаларын, люстраларын сындырууга ж.б.
- Сабактарды себепсиз калтыруу;
- Ар түрдүү тилде сөгүнүү;
- Мектеп администрациясын, мугалимдерин, өзүнүн тең туштарын кемсинтүүгө;
- Улуттук жана диний жаңжалдарды чыгарууга.

7.8 Окуучулардын укугун коргоо жана милдеттерин талап кылуу мектеп Уставынын негизинде жүргүзүлөт. Төмөнкү мүнөздөгү аракеттерге тыюу салынат:

- Окуучулар өз укугун жана эркиндигин коргоого укуктуу, бирок мектептин ичинде намаз окууга, сабак учурунда жума намазга барууга, сабакты себепсиз калтырууга, гендердик тендикти бузууга;
- Сөз эркиндигин колдонууда окуучулар оюна келген ар кандай ойду айта бербөөсү, негизделбеген даттанууларды жасабоосу керек.

7.9 Токтогул атындагы №6 орто мектебинде окуучулардын тартиби төмөнкүлөргө баш ийүү керек:

- ак ниет окууга;
- мектептин мүлкүнө аярлык менен мамиле жасоого;
- башка окуучулардын жана кызматкерлердин кадыр-баркын сыйлоого;
- мектептин кызматкерлеринин талаптарын аткарууга милдеттүү.

7.10 Окуучуларды коомдук уюмдарга кирүүгө мажбурлоого, үгүт компанияларына катышуусуна тыюу салынат.

7.11 Жалпы билим берүүчү программаларды толук көлөмгө өздөштүргөн окуучулар кийинки класска көчүрүлөт.

7.12 Окуучуларды сабактан бошотуп, коомдук иштерге жана спорттук мелдештерге катыштыруу мектеп директорунун уруксаты менен жүргүзүлөт. Жогорудагы иш аракеттер мектептин мугалимдери тарабынан өз башымча жүргүзүлбөйт.

7.13 Ата-энелер (аларды алмаштыруучу адамдар) төмөнкүлөргө **укуктуу**:

- Мектепте окутуунун формасын тандоого;
- Балдардын мыйзамдуу укуктарын жана талаптарын коргоого;
- Токтогул атындагы №6 орто мектебинин уставында белгиленген формада мектепти башкарууга катышууга;
- Баласы окуган класстын сабактарына алдын ала администрация жана мугалимдерге билдирүүсү менен кирүүгө;

- Мектептин ишин жакшыртуу үчүн өз сунушун айтууга;
- Мектептин ишмердүүлүгү жана окуу тарбия иштеринин усулдары жана формалары боюнча маалымат алууга;

7.14 Ата-энелер (аларды алмаштыруучу адамдар) төмөнкүлөргө **милдеттүү**:

- Токтогул атындагы №6 орто мектебинин Уставынын, Билим берүү министрлигинин жана билим берүү органдарынын токтомдорун жана жоболорунун аларды укуктарына жана милдеттерине тиешелүү бөлүгүндө аткарууга;
- Балдарынын билим алышы үчүн зарыл шарттарды түзүүгө жана тарбиялоо үчүн жоопкерчилик тартууга;
- Баланын укуктары жөнүндөгү конвенцияньн принциптерин сактоого;
- Балдардын билим алуусуна кызыгууга;
- Мектепте өткөрүлүүчү ата энелер чогулушуна, жолугушууларга, конференцияларга катышууга;
- Бардык сунуштары жана даттануулары боюнча биринчи мектептин администрациясына кайрылууга;
- Эгерде мектеп администрациясы даттанууларды жана сунуштарды карап, тийиштүү жооп бербесе, жогору жакка кайрылууга

7.15 Ата-энелерге (аларды алмаштыруучу адамдар) төмөнкүлөргө **тыюу салынат:**

- Мектептин Уставын бузууга;
- Өзүнүн балдарын кемсинтүүгө жана кадыр баркын түшүрүүгө
- Мектептин администрациясын, мугалимдерин жана тазалоочу жумушчуларын кемсинтүүгө жана кадыр баркьн түшүрүүгө;
- Мектептин иштөө режимин бузууга;
- Мектепке белгиленбеген убакытта келүүгө;
- Укук аралык жана диний жанжалдарды уюштурууга;
- Негизделбеген каралоочу даттанууларды жазууга;
- Жогору жактагы инстанцияларга, мектепте каралбаган жана тиешелүү чечим алынбаган даттанууларды жиберүүгө тыюу салынат. Себеби андай даттануулар окуучулардын ден соолугуна жана мектептин жумушчуларына моралдык жана психикалык таасирин тийгизет.

7.16 Ата-энелердин (аларды алмаштыруучу адамдар) башка укуктары жана милдеттери Токтогул атындагы №6 орто мектебинин Уставына ылайык келишим түзүү жөнүндө алар менен Токтогул атындагы №6 орто мектебинин ортосунда түзүлгөн келишимде бекемделиши мүмкүн.

7.17 Токтогул атындагы №6 орто мектебинин кызматкерлерин топтоо тартиби анын Уставы менен регламенттелет. Педагогикалык ишке зарыл болгон педагогикалык квалификациялык мүнөздөмөнүн талаптарына туура келген, билими жөнүндө документи бар адамдар, ошондой эле атайын билими жок адамдар педагогикалык кенештин чечими боюнча 3 ай сыноо мөөнөтү менен кабыл алынат.

7.18 Токтогул атындагы №6 орто мектебинин кызматкерлерине жана администрациясына карата Кыргыз Республикасынын эмгек мыйзамдары колдонулат. Эмгек келишимин жарактуулук мөөнөтү Кыргыз Республикасынын эмгек жөнүндөгү мыйзамдарына ылайык аны түзүүдө кызматкер жана жумуш берүүчү тарабынан такталат.

7.19 Токтогул атындагы №6-орто мектебинин мугалимдери төмөнкүлөргө **укуктуу**:

- Токтогул атындагы №6 орто мектебинин уставында аныкталган тартипте мектепти башарууга катышууга;

- Кесиптик кадыр-баркты коргоого;
- Окутуу жана тарбиялоо усулун, окуу китептерин, окуу куралдарын жана материалдарды, билимдерди баалоо ыкмаларын, окуучулардын көндүмдөрүн жана аракеттерин мамлекеттик билим берүү стандартьнын жана билим берүү жаатындагы башка нормативдик документтердин негизги жоболоруна ылайык эркин тандоого, пайдаланууга жана окутуу жана тарбиялоо усулун түзүүгө;
- Кесиптик квалификациясын жогорулатууга;
- Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында жана жергиликтүү өзүн өзү башкарууда белгиленген кыскартылган жумуш жумасына жана акы төлөнүүчү эргүүгө, социалдык кепилдиктерге жана женилдиктерге;
- Тиешелүү квалификациялык категорияга аттестациядан өтүүгө;
- Өзгөчө жетишкендигин көрсөткөндүгү үчүн мамлекет тарабынан сыйланууга;

7.20 Токтогул атындагы №6 орто мектебинин мугалимдери төмөнкүлөргө **милдеттүү**:

- Мектеп Уставына баш ийүүгө;
- Педагогикалык норманы жана этиканы сактоого;
- Окуу процессинин жогорку жыйынтыктарын, эффективдүүлүгүн камсыз кылууга;
- Мамлекеттик стандарттын негизинде окуучулардын окуу программасын өздөштүрүүсүн камсыздоого;
- Мектептин милдеттерине жана максатына ылайык окуучулардын кызыгуусун жана жөндөмдүүлүгүн өнүктүрүүгө;
- Ар дайым өзүнүн кесиптик билим деңгээлин жогорулатууга;
- Окутуунун инновациялык усулдарын өздөштгө жана коммуникалдык маалымат технологияларын өздөштүрүүгө;
- Бекитилген мугалимдик, кесиптик талаптарга төп келүүгө;
- Мектеп эмеректерине этият мамиле жасоого;
- Эмгектин ички тартиптерине баш ийүү;
- Мектепте жана андан тышкаркы коомдук жайларда үлгүлүү жүрүш турушта болууга;
- Балалыкты коргоо мыйзамдарынын актьлары тарабынан белгиленген окуучулардын укугун жана эркиндигин сактоого;
- Белгилүү жагдайларда туура чечим чыгара билүүгө;
- Ата энелерге, кесиптештерине жана окуучуларга сый мамиле жасоого;
- Мугалимдин тышкы көрүнүшүнө коюлган талаптарды сактоого, мугалим эстетикалык жактан жана кийинүүнүн, өзүн өзү алып жүрүүнүн жогорку табитин сактоого.

7.21 Токтогул атындагы №6 орто мектебинин жумушчуларына төмөнкүлөргө **тыюу салынат:**

- Окуучуларга күч колдонууга жана жаман сөздөр менен тилдөөгө;
- Окуучулардын адамдык сапатын кемсинтүүгө;
- Мектеп администрациясына, мугалимдерине окуучуларга, алардын ата энелерине одоно мамиле жасоого;
- Жумуш ордунда спирттик ичимдиктерди жана наркотикалык каражаттарды колдонууга;
- Мектептин жумушчуларынын абийирине доо кетирген ар кандай ушак айың сөздөрдү айтууга;
- Эл аралык жана диний жанжалдарды чыгарууга;
- Коллектив арасында атайын жанжал жасоого;

7.22 Эгерде жумушчу Уставда жана эмгек келишимде белгиленген кызматтык тартиптерин бузган болсо, Кыргыз Республикасынын Эмгек Кодексинин негизинде мектеп администрациясы тарабынан чара колдонулат жана эмгек келишимин аткарбагандыгы үчүн жумуштан бошотулат.

7.23 Текшерүүнүн жыйынтыгында мугалимдин кесиптик деңгээли төмөн болсо, бир нече жолу административдик жаза алса ээлеген кызматынан бошотулат;

7.24 Жумушка алуу мектептин директору тарабынан сынактын негизинде жүргүзүлөт. Мугалимдин эмгек акысы анын ишинин жыйынтыгы боюнча бирдиктүү тарифтин негизинде төлөнөт. Кошумча эмгек акы мектептин эксперттик кеңешинин чечиминин негизинде төлөнөт.

7.25 Башка мугалимдин сабагын окутуу жана ал мугалимди толуктоо – эмгек акыны төлөө боюнча жобонун негизинде мектеп администрациясы тарабынан жүргүзүлөт.

7.26 Класс жетекчилик класста сабак берген мугалимдердин арасынан мектеп админитсрациясы тарбынан бекитилет. Класс жетекчилер төмөнкүлөргө **милдеттүү**:

- Педогогикалык кеңеш тарабынан бекитилген класс жетекчинин милдетин аткарууга;
- Окуучулар менен тарбия иштерин жүргүзүүгө;
- Окуучуларга мектеп, ата энелер тарабынан коюлган бирдиктүү педагогикалык талаптарды аткартууга жетишүүгө;
- Керектүү жагдайларда окуучуларга окуу тарбынан, материалдык жана маралдык жактан колдоо көрсөтүүгө;
- Ишенип тапшырылган класстын керектүү документациясын жүргүзүүгө;
- Коомдук пайдалуу эмгекти жана дежурствону уюштурууга.

7.27 Мугалимдерге жана башка педагогикалык кызматкерлерге окуу жүктөмүнүн (педагогикалык иштин) көлөмү окуу планы жана программалар, кадрлар менен камсыз болуучулук, Токтогул атындагы №6 орто мектебиндеги башка конкреттүү шарттар боюнча сааттардын санына жараша аныкталат. Окуу жүктөмүнүн (педагогикалык иштин) көлөмү эмгек акынын ставкасы үчүн саатардын көп же аз нормасы кызматкердин жазуу жүзүндөгү макулдугу менен гана белгиленет. Окуу жылынын башталышында белгиленген окуу жүктөмүнүн (педагогикалык иштин) көлөмү окуу планы жана программалары боюнча саатардын саны азайганын, класстардын (топтордун) санынын азайган учурларын кошпогондо администрациянын демилгеси боюнча окуу жылынын ичинде азайтылышы мүмкүн эмес.

7.28 Токтогул атындагы №6 орто мектебинин кызматкерлеринин башка категориялардагы укуктары жана милдеттери тиешелүү мекеменин уставы менен аныкталат.

## VIII. Жалпы билим берүүчү мекеменин түзүмү.

8.1 Токтогул атындагы №6 орто мектебинин түзүмү коюлган милдеттерди жана ушул Уставды эске алуу менен жалпы билим берүүчү мекеменин директору тарабынан аныкталат, жергиликтүү башкаруу органдарынын макулдугу боюнча билим берүүнүн аймактык башкаруу органы тарабынан бекитилет.

8.2 Кызматкерлердин саны финансылык ресурстарга жана окуучулардын санына жараша Кыргыз Республикасынын мыйзамдык актыларынын негизинде аныкталат. Токтогул атындагы №6 орто мектебинин жумушчуларынын милдеттери директор тарбынан бекитилүүчү ички жоболор менен аныкталат.

8.3 Токтогул атындагы №6 орто мектебинин филиалдары болушу мүмкүн. Токтогул атындагы №6 орто мектеби турган жерден сырта жайгашат жана функциялардын бардыгын же анын бөлүктөрүн, анын ичинде өкүлчүлүк функцияларын аткарган юридикалык жактын обочолонгон бөлүгү болуп эсептелет.
Филиалдар юридикалык жак болуп эсептелишпейт. Аларга Токтогул атындагы №6-орто мектебинин мүлкү болуп берилет жана ал бекиткен жобонун негизинде иштейт. Филиалдын жетекчилери Токтогул атындагы №6 орто мектебинин жетекчиси тарабынан дайындалат жана анын ишеним катынын негизинде иштейт. Өкүлчүлүктөр жана филиалдар аларды түзүүчү юридикалык жактын уюштуруу документтеринде көрсөтүлүүгө тийиш.

## IX. Жалпы билим берүүчү мекемени башкаруу.

9.1 Токтогул атындагы №6 орто мектебин башкаруу «Билим берүү жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамына жана жалпы билим берүүчү мекеменин Уставына ылайык демократиялуулук, ачыктык, жалпы адамзаттык баалуулуктардын артыкчылыгы, адамдын өмүрүн жана ден соолугун коргоо, инсандыкты эркин өнүктүрүү принциптеринде жүргүзүлөт.

9.2 Токтогул атындагы №6 орто мектебинде башкаруунун жогорку органы болуп анын уюштуруучулары эсептелет, алардын ыйгарым укуктарына жалпы билим берүүчү мекеменин ишин координациялоо кирет.

9.3 Токтогул атындагы №6 орто мектебин түздөн-түз жетектөөнү Токтогул атындагы №6 орто мектебинин Уставында аныкталган тартипте жана Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык дайындалган директор ишке ашырат.

9.4 Мектеп директорлугуна төмөнкү талаптарга жооп берген Кыргыз республикасынын атуулу дайындалат:

- Пенсиялык жашка жете элек;
- Педагогикалык жогорку билимдүү;
- 7 жылдан кем эмес педагогикалык стажга ээ;
- Билим берүүдө Кыргыз Республикасынын укуктук нормативдик актыларын билген;
- Психолог, менеджмент;
- Билим берүүнү каржылоону билген;
- Мектепте коп жылдан бери мугалим болуп иштеген, өзү берген сабактан кайра даярдоо курсунан өткөн, бирок педагогикалык билими жок атуул мектеп директорлук кызматына дайындалбайт.

9.5 Мектеп директору белгилүү ишке жооптуу орун басарларды дайындайт. Директордун орун басарларынын саны мектептин штаттык расписаниесине жана каржылык мүмкүнчүлүгүнө жараша аныкталат.

9.6 Мектеп директорунун окуу тарбия иштери боюнча, чарбалык административдик орун басарлары директордун сунушу менен жергиликтүү билим берүү мекемеси тарабынан дайындалат. Дайындалган директорлордун орун басарлары кесиптик, чарбалык административдик жумуштарга коюлган талаптарга жооп бериш керек.

9.7 Мектеп директору:

- Педагогикалык коллективге жетекчилик жүргүзөт;
- Туура тандоону жана кадрларды жайгаштырууну камсыз кылат;
- Эмгек акы жана кызматкерлерди сыйлоо жөнүндө ички жобону бекитет;
- Кредиттерди бөлүштүрүүчү болуп эсептелет жана алыш-бериш эсептерине жана финансылык документерге биринчи кол коюу укугуна ээ;

- Бюджеттик жана атайын каражаттар боюнча чыгымдар сметасын бекитет;
- Чыгымдардын сметасын аткаруу жөнүндө отчетторду жана балансты бекитет жана кол коет;
- Бекитилген чыгымдар сметасына ылайык Токтогул атындагы №6 орто мектеби оз учурунда жана толук каржылоого, каражаттарды максаттуу пайдаланууга контролдоо жүргүзөт;
- Кызматкерлердин идеялык-теориялык денгээлдерин жана квалификациясын жогорулатуу үчүн зарыл шарттарды тузөт ;
- Окуучулардын билимдеринин сапатына жана жүрүм-турумуна, класстан тышкаркы жана мектептен тышкаркы иштердин мазмунуна жана уюштурулушуна көзөмөл жүргүзөт.

9.8 Директор Токтогул атындагы №6 орто мектебинин атынан чыгат, келишимдерди, анын ичинде эмгек келишимдерин түзөт, ишеним каттарды берет, банктарда алыш-бериш жана башка эсептерди ачат; белгиленген тартипте штатты бекитет, Токтогул атындагы №6 орто мектебинин бардык кызматкерлери үчүн милдеттүү болгон буйруктарды чыгарат жана көрсөтмөлөрдү берет, билим берүүнү башкаруу органдарына бекитүү үчүн Токтогул атындагы №6 орто мектебинин ишинин келечек, жылдык жана учурдагы пландарын киргизет.
Токтогул атындагы №6 орто мектебинин директору Кыргыз Республикасынын эмгек мыйзамдарында, келишимдерге (контракттарда) жана ушул Уставда каралган өзүнүн функционалдык милдеттенмелерине ылайык уюштуруучулардын, ата энелердин алдында жеке жоопкерчилик тартат.

9.9. Токтогул атындагы №6 орто мектебинде өз алдынча башкаруу формасы болуп Токтогул атындагы №6 орто мектебинин педагогикалык, камкордук кенештери, эмгек жамаатынын жалпы чогулушу, окуучулардын өзүн өзү башкаруусу эсептелет.

9.10. Камкордук кенеши мектепти бюджеттен сырткары каржылоо максатында мектепке уюштуруучулук, каржылык кенеш берүү үчүн өз ыктыярдуулук менен ата энелер жана мугалимдер жамаатынан түзүлөт.

9.11. Токтогул атындагы №6 орто мектебинде окуу-тарбия процессти өнүктүрүү жана өркүндөтүү, мугалимдер менен тарбиячылардын кесиптик чеберчилигин жана чыгармачылык өсүүлөрүн жогорулатуу максатында Педагогикалык кенеш иштейт. Ал Токтогул атындагы №6 орто мектебинин педагогикалык кызматкерлерин Токтогул атындагы №6 орто мектебинин директорунун төрагалыгы астьнда бириктирилген коллегиялуу орган.

Педагогикалык кенеш:

- Билим берүүнүн мазмунун тандоонун, окуу-тарбия иштердин формаларын, методдорун жана аларды ишке ашыруу ыкмаларын талкуулайт жана ишке киргизет;
- Педагогикалык кызматкерлердин квалификациясын жогорулатуу, алардын чыгармачылык демилгелерин өнүктүрүү боюнча иштерди уюштурат;
- Окуучуларды кийинки класска көчүрүү, кийинки класска шарттуу көчүрүү, ошондой эле ата энелер менен макулдашуу боюнча окуучунун үй-бүлөлүк билим берүү формасында кайта окутууга калтыруу жөнүндө чечимдерди кабыл алат.

9.12. Мектепте төмөнкүдөй кесиптик бирикмелер түзүлөт:

- Ата энелер комитети
- Коомчулук кенеши жана укук бузуучулуктун профилактикасы
- Усулдук кенеш

- Эксперттик кенеш
- Мектеп парламенти ж.б. белгилүү чечимдерди кабыл алуучу түзүмдөр.

Бирикмелердин чечими мүчөлөрдүн 60% катышуусунда көпчүлүк добуш менен кабыл алынат.

9.13 Мектепте кесиптик кенештер ыктыярдуу түрдө түзүлөт жана төмөнкүдөй мүмкүнчүлүктөргө ээ:

- Коомдук жана укук бузуучулуктун алдын алуучу кенеш турмуш шарты оор үй бүлөлөрдүн балдары, жарым жетим, тоголок жетим жана тарбиясы оор балдар менен иш жүргүзөт.
- Мугалимдердин усулдук кенештери, белгилүү бир сабактар боюнча окутуунун усулдарын тандоону, усулдук иш чараларды, ачык сабактрады өтүүнү, окуу программаларынын предмет боюнча туура түзүлүшүн уюштурат.
- Мектеп парламенти окуучулардын өзүн өзү башкаруусунун органы, мектеп парламенти окуучулар тарабынан шайланат жана "Мектеп парламентинин жобосу" негизинде иш алып барат. Парламент окуучулардын эс алуусун уюштурат, окуучулардын атуулдук көз карашын бекемдөөгө жана мектептин көйгөйүн чечүүгө, мектепти башкарууга катышууга укуктуу.
- Усулдук кенеш мектептин усулдук ишмердүүлүгүнүн багыттарын аныктайт. Окутуунун жаны усулдарын, жаны технологияларды ашыруунун жолдорун иштеп чыгат. Автордук программаларды рецензиялайт.
- Аттестациялык комиссия педагогикалык жумушчуларды аттестациялоону жүргүзөт.
- Ата энелер комитети ата энелер тарабынан шайланат. Мектептин ишмердүүлүгүнө катышат.
- Мектептин эксперттик кенеши мугалимдердин иштөө сапатын, алардын мектеп ишин уюштуруудагы катышуу даражасын, мектепти өнүктүрүүдөгү кошкон салымын, кошумча эмгек акы фондунан мугалимдерге кошумча акы төлөөнү, сыйлык берүүнү аныктайт.

9.14 Окуу тарбия иштерин Кыргыз Республикасынын билим берүү министрлигинин окуу планы, инструкцияларынын негизинде жүргүзүлөт.

9.15 Окуу тарбия ишинин жүргүзүүсүн жыйынтыктоо үчүн, ишти анализдөө, ар түрдүү формада срез, текшерүү иштери, тестирлөө, окуу техникасын текшерүү, анкета алуу, педагогикалык консилиум, ангемелешүү, директор алдындагы кенеш, педагогикалык кенештер, семинарлар ж.б.

9.17 Илимий изилдөө иштерин окуу бөлүмүнүн башчысы уюштурат жана көзөмөлдөйт.

9.18 Класстан тышкары тарбиялык иштерди организатор уюштурат, жетектейт жана көзөмөлдөйт.

9.19 Мектептин усулдук кенеши мектептин тажрыйбасын жайылтуу үчүн усулдук жыйнактарды жана буклеттерди чыгарууга чечим чыгарат.

## X. Каржылоо булактары жана каражаттарды пайдалануу тартиби

10.1 Токтогул атындагы №6 орто мектебинин финансылык каражаттарынын негизги булагы төмөнкүлөр болуп эсептелет:

- Республикалык жана жергиликтуу бюджеттердин каражаттары;
- Башка жеке жана юридикалык жактардын ыктыярдуу кайрымдуулуктары;

- Кошумча акы толомо кызматты окуучуларга корсоткондугу учун алынган ата-энелердин (аларды алмаштыруучу адамдардын) каражаттары;
- Эл аралык уюмдардын гранттары;
- Кыргыз Республикасынын мыйзамына каршы келбеген башка булактар.

10.2. Мамлекеттик бюджеттин каражаттарьшьш эсебинин Токтогул атындагы №6 орто мектебин каржылоо Токтогул атындагы №6 орто мектебинин тибине жараша бир окуучуга эсептегенде бюджеттик каржылоонун минималдуу стандартынын негизинде жан башына норматив боюнча ишке ашырылат.

10.3. Токтогул атындагы №6 орто мектеби болгон финансылык каражаттарын өз алдынча тескейт. Токтогул атындагы №б орто мектеби квалификациялык талаптарга ылайык Бирдиктүү тарифтик торчонун негизинде кызматкерлерге эмгек акы ставкасын белгилейт жана аттестациялык коммисиянын чечиминин негизинде эмгек акыга багытталган каражаттардын чегинде түрткү берүүчү негиздеги үстөктөрдүн түрлөрүн жана өлчөмдөрүн, кошумча төлөөлөрдүн жана башка төлөөлөрдү, ошондой эле штаттык расписаниесин жана кызматтык милдеттерди болуштуруунү аныктайт.

10.4. Мамлекет тарабынан берилген каржы каражаттарын сарптоо бюджеттик мекемелердин отчёт жүргүзүү талаптарынын негизинде жүргүзүлөт.

10.5. Ыктыярдуу ата энелер, спонсорлор, мугалимдер тарабынан берилген акча каражаттарынын отчёттору мектеп ичинде жүргүзүлөт. Ыктыярдуу берилген акча каражаттарынын сарпталышы боюнча мектеп директору ата- энелердин алдында отчёт берет.

## XI. Мектептин ишмердүүлүгүн жөндөп туруучу документтер жана локалдык акттар.

11.1 Токтогул атындагы №6 орто мектеби өзүнүн ишмердүүлүгүн жүргүзүүдө официалдуу документтерге жана анын ишмердүүлүгүн жөндөп турган локалдык актыларга таянат.

11.2 Официалдуу документтер болуп төмөнкүлөр эсептелет:

- Кыргыз Республикасынын Конституциясы
- “Билим берүү” мыйзамы
- “Мугалимдин статусу жөнүндө” мыйзам
- “Балдар кодекси”
- “Үй бүлө кодекси”
- “Эмгек кодекси”
- “Административдик кодекс”
- Аттестация жөнүндө жоболор жана аттестация жөнүндө документтер
- Билим берүү Министрлигинин токтомдору жана жоболору жергиликтүү өзүн өзү башкаруу органдарынын жергиликтүү билим берүү бөлүмдөрүнүн чечимдери, жоболору.
- Кыргыз Республикасынын Каржы министрлигинин токтомдорунун негизинде, билим берүү системасындагы бухгалтердик отчёт жана аудит системасын таянып каржылоо ишин жүргүзүү.

11.3. Укуктук, локалдык актылар төмөнкүлөр:

- Мектеп Уставы
- Ички эмгекти бөлүштүрүү эрежелери
- Окуучуларга бирдиктүү талап
- Инструкциялар

- Мектепке кабыл алуу эрежеси
- Мектеп кызматкерлеринин кызматтык инстукциялары
- Директордун буйруктары
- Директордун буйругу менен бекитилген мектеп жамааты тарабынан иштелип чыккан усулдук сунуштар.

## XII. Ушул Уставга өзгөртүүлөрдү жана толуктоолорду кабыл алуу

12.1 Ушул Уставга өзгөртүүлөр жана толуктоолор эмгек жамаатынын жалпы жыйналышы менен кабыл алынат, уюштуруучулар тарабынан бекитилет жана Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында белгиленген тартипте каттоодон өткөрүлөт.

## XIII. Жалпы билим берүүчү мекеменин ишмердигинин контролдоо

13.1 Токтогул атындагы №6 орто мектебинин ишмердигин контролдоо ушул Уставда жана Кыргыз Республиикасынын мыйзамдарында белгиленген тартипте жүргүзүлөт.

## XIV. Жалпы билим берүүчү мекеменин ишин токтотуусу

14.1 Токтогул атындагы №6 орто мектебинин иши уюштуруучулардын, же болбосо соттун чечими боюнча жоюу же кайра уюштуруу түрүндө токтотулушу мүмкүн.

14.2 Токтогул атындагы №6 орто мектебин жоюу же кайра уюштуруу эреже катары окуу жылы аяктаганда жүргүзүлөт, уюштуручулар окуучуларды алардын ата-энелеринин макулдугу боюнча башка билим берүү мекемесине которууга жоопкерчиликти өзүнө алышат.

14.3. Жоюу Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында каралган тартипте жоюу комиссиясы тарабынан жүргүзүлөт.

14.4. Токтогул атындагы №6 орто мектебинин иштөө процессинде түзүлгөн документтер «Кыргыз Республикасынын улуттук архив фонду жөнүндө» Кыргыз Республикасынын мыйзамына ылайык сакталат жана пайдаланылат.

**Токтогул атындагы №6 орто мектебинин директору *Д.Т. Сарытаева***

Баткен облусунун Юстиция башкармалыгы
номерленгени, тигилгени жана мөөр
басылганы бардыгы _______ баракта
20_____ж ______________________

Управление юстиции Баткенской области
Всего прошнуровано, пронумеровано
и скреплено печатью на _____ листах
________________________ года